DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бердимуратова Ж.М.*

# КЫЛМЫШТУУ ЗОМБУЛУКТУН МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бердимуратова Ж.М.*

# ХАРАКТЕРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ПРЕСТУПНОГО НАСИЛИЯ

*J. Berdimuratova*

# CHARACTERISTIC FEATURES OF CRIMINAL VIOLENCE

*УДК: 343.9*

*Макалада кылмыштуу зомбулуктун кылмыш жаза мыйзамындагы орду талданган. Ошону менен бирдикте анын мыйзамдык бекилүү эволюциясы менен учурдагы аракеттеги кылмыш-жаза мыйзамдарындагы мааниси, мазмунун мүнөздүү белгилери талданган. Макаланын максаты – кылмыш жаза мыйзамындагы кылмыштуу зомбулуктун түшүнүк аппаратын, анын мыйзамдык бекилүү эволюциясын талдоо менен учурдагы кылмыштуу зомбулуктун кылмыш-жаза мыйзамдарындагы мазмундук жактарын талдоо аркылуу анын жалпылык жана өзгөчөлүк белгилерин аныктоо саналат. Макаланы талдоодо жалпы илимий усулдар менен бирдикте атайын илимий усулдар формалдуу логикалык, грамматикалык, тутумдук усулдар аркылуу изилдөө жүргүзүлдү. Макаланын жыйынтыгында кылмыштуу зомбулукка мүнөздүү жалпылыктар менен анын кылмыш жаза мыйзамындагы укуктук табиятынын өзгөчөлүктөрү аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *кылмыш, зомбулук, кылмыштуу зомбулук, квалификация,кылмыш курамы, оордотуучу курам, диспозиция, адат укугу, эреже.*

*В статье анализируется роль преступного насилия в уголовном праве. Наравне с этим анализируются эволюция его легализации и значение в действующем уголовном законодательстве, особенности его содержания. Цель статьи заключается в выявлении его общих и специфических черт преступного насилия в уголовном праве путем анализа понятийного аппарата, эволюции его легализации и содержательные стороны в современном уголовном праве. При анализе статьи, наряду с общенаучными методами, использованы специально-научные методы познания формально-логические, грамматические, системные методы. В заключении статьи были выявлены общие черты преступного насилия и специфика его правовой природы в действующем уголовном праве.*

***Ключевые слова:*** *преступление, насилие, преступное насилие, квалификация, состав преступления, отягчающее обстоятельство, диспозиция, обычное право, норма.*

*The article analyzes the role of criminal violence in criminal law. Equally analyzed are the evolution of its legalization and the significance of the current criminal law, especially its content. The purpose of the article is to identify the general and specific nature of criminal violence in the criminal law by analyzing the conceptual apparatus, the evolution of its legalization and the content of modern criminal law. In the analysis of articles, arranged with general scientific methods, special scientific methods of knowledge of formal-logical, grammatical, systematic methods are used. The results of the article revealed general drawings of the criminal offense and the specifics of its legal nature in force.*

***Key words****; crime, violence, criminal violence, qualification, composition of the crime, aggravating circumstance, disposition, customary law, rule.*

Кылмыш-жаза укугундагы түшүнүк аппараттарын талдоо юридикалык илимдеги бир катар олуттуу татаалдыкты жараткан изилдөө чөйрөсү деп атоого болот. Анткени кылмыш укуктук түшүнүктөр бир гана дефинициялык ролду аткарбастан конкреттүү кылмыш-укуктук квалификацияга дагы таасир этет.

Кылмыш укуктук түшүнүк аппараты юридикалык илимде анын ичинде кылмыш укуктук илимде өтө сейрек изилденген объект катары баалоого болот. Кылмыш-укуктук түшүнүк аппараттары көбүнчө диссертациялык деңгээлде изилдөө темасына байланышкан түшүнүктөрдү чечмелөө менен чектелет.

Ошону менен бирдикте кылмыш укуктук мамилелер динамикалык мүнөзгө ээ болгондугун эске алсак, учурда дагы түшүнүк аппараттары бир канча кеңейгендигин байкоого болот.

Кылмыш укугундагы түшүнүк аппараттары боюнча окумуштуулар арасында бирдиктүү усулдук, мазмундук, түзүмдүк жандашуунун жоктугу ачыкталат. Ошондой болсо дагы бир катар окумуштуулар кылмыш укугундагы түшүн аппараты боюнча изилдөөлөр орун алган.

Кылмыш укугундагы түшүнүк аппараттарынын ичинде «кылмыштуу зомбулук» түшүнүгү бир канча маанилүү орунду ээлейт. Анткени ал бир канча квалификациялык курамдарга, жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларга дагы таасир этет.

Мына ошондуктан «кылмыштуу зомбулукту» изилдөөнүн актуалдуулугу жаралат. Белгилей кетүү керек «кылмыштуу зомбулук» түшүнүгүн изилдөөнүн актуалдуулугуна бир катар факторлор таасир этет аларга:

– бул түшүнүк аппаратынын толук кандуу иштелип чыгылбагандыгы;

– усулдук жактан бирдиктүү жандашуунун жоктугу;

– кылмыш курамындагы кылмыштуу зомбулуктун бир канча түрүнүн орун алышы;

– кылмыш курамындагы кылмыштуу зомбулуктун бир канча ыкма менен ишке ашырылышы:

– кылмыштуу зомбулуктун объектилерге карата өзгөчөлүк орун алгандыгы саналат.

– Жогорудагы жагдайлар кылмыштуу зомбулук түшүнүк аппаратынын изилдөөнүн актуалдуулугун жаратат.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинде кылмыштуу зомбулук боюнча түшүнүк аппараттары орун алган эмес. Мына ошондуктан бул көйгөйдү чечүү үчүн бир катары теориялык сунуштарды, концепцияларды иштеп чыгуу зарылчылыгы орун алган.

Кылмыштуу зомбулук түшүнүгү боюнча бир катар окумуштуулар өз эмгектеринде кайрылышкан аларга; Ю.М.Антонянды, О.В.Страковду, В.Н Кудряв-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



цевди,В.В. Лунеевди кошсок болот.

Ата мекендик окумуштуулардан А.М.Джоробековану, Л.Ч. Сыдыкованы,К.М. Осмоналиевди, К.И. Джаянбаевди, Б.Г. Тугелбаеваны жана башкаларды айтууга болот.

Учурдагы Кыргызстандын укуктук доктринасында «үй-бүлөлүк зомбулук,» «мектеп зомбулугу», «сексуалдык зомбулук» жана башка зомбулук менен байланышкан бир катар терминдер ченемдик актыларда орун алган.

Айрыкча «үй-бүлөлүк зомбулук» менен күрөшүү максатында атайын мыйзам «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» [1] дагы кабыл алынган. Бул мыйзамдын 1-беренеси зомбулуктун 3 – түрүн аныктаган:

– психологиялык зомбулук;
– дене-бойлук зомбулук;
– экономикалык зомбулук.

Башкача айтканда, салт катары калыптанган укуктук доктринадагы зомбулуктун формасы аныкталган. Акыркы зомбулуктун формасы бир канча жаңы деп атоого толук негиз бар, анткени ал кэчээки жакынкы жылдары гана киргизилген.

Кылмыштуу зомбулуктун генезисин изилдөөгө алсак, анын бир канча бай тарыхка ээ экендиги ачыкталат. Бизге белгилүү болгондой кылмыштуу зомбулуктун генезисин изилдөөдө тарыхый булак катары таанылган адат укугуна кайрылуубузга туура келет.

Адат укугу өзүнүн тутумдашпагандыгы жана примитивдүүлүгүнө карабастан ошол тарыхый этаптагы коомдук мамилелерди жөнгө салып келгендиги тарыхый чындык.

Кыргыздардын адат укугундагы жоопкерчилик суроолорун бир катар окумуштуулар изилдегендиги анык. Алардын катарына С.К Кожоналиевди кошуу орундуу. Изилдөөчү адат укугундагы кыргыздардын кылмыш жаза маселелери боюнча бир канча деталдуу изилдеген «Суд и уголовное обычное право киргизов до октябрьской революции» [2, 67-б.] деген эмгегин айта кетүү зарыл. Кылмыштуу зомбулуктун мыйзамдык бекилишин аныктоодо бул эмгекке кайрылуу орундуу.

Адат укугунда кылмыштуу зомбулук түшүнүгү камтылбаса дагы, анын кээ бир элементтери орун алгандыгын айта кетүү зарыл. Тактап айтканда «барымта», «канга кан», «мажбурлап ала качуу» сыяктуу адаттар кылмыштуу зомбулуктун элементтерин түзгөнү анык.

Кылмыштуу зомбулуктун бир канча коркунучтуу формасы катары «канга кан» өч алуу салтын айтууга болот. Көбүн эсе кандуу өч алуу кун менен төлөнүп келген. Кыргызстандын Россия империясынын курамына кирүү менен гана бул адатка тыюу салынган. Токмоктогу бийлердин съездинде кабыл алынган 1893-жылдагы Ереже мындай аракеттерге тыюу салган. Ага ылайык «өлтүрүлгөн адамдын жакын туугандары туунду түрдө өлтүргөн адамдан өч алууга укугу жок, алар киши өлтүргөн адамды сотко берүү менен кун алуусу менен канаатануусу зарыл» деп белгиленген [3, 70-б.].

Кыргыздардын адат укугунда «психикалык зомбулуктун» дагы элементтеринин орун алгандыгын айта кетүү зарыл. Алдын ала билип туруп атайылап жалган жаман имиштерди таркаткан адамды «жалганчы» деп аташкан.

Октябрь революциясынан кийин кыргыздардын мамилелерин укуктук жактан жөнгө салуу бир канча тутумдашуу менен кодификацияланган актылар аркылуу жөнгө салына баштаган.

Алгачкы РСФСРдин кылмыш жаза кодекси кылмыштуу зомбулуктун бир катар белгилерин аныктаган. Аларга физикалык оорусунтуу, сокку берүү, чачынан тартуу сыяктуу аракеттер каралган. Ал эми 1926-жылдагы кылмыш-жаза кодекси кылмыштуу зомбулуктун чөйрөсүн кеңейтүү менен өмүргө, ден соолукка карата жасалган зомбулук кылмыштарды аныктаган [4, 321-б.].

Окумуштуулардын «зомбулук» түшүнүгү боюнча ар тараптуу жандашуусуна карабастан жалпы кулагынан чоюу, чачынан тартуу сыяктуу элемент катары «кылмыштуу зомбулуктун» орун алгандыгын айтууга болот.

Биздин оюбузча «кылмыштуу зомбулук» бир канча элементтерден турган тутум катары кароого болот. Анткени «кылмыштуу зомбулукту» өз ара бирибири менен байланыштырып туруучу элементтер бар аларага;

- физикалык, психикалык, сексуалдык, экономикалык мазмундун орун алышы;
- кылмышка даярдануу, кол салуу, аяктаган кылмыштагы зомбулук аракеттердин орун алышы;
- кылмыштарды бири-биринен ажыратууда зомбулук даражасынын эске алынышы;
- кылмыштуу аракеттер аркылуу зомбулукту даражасынын орун алышы (коркунучтуу, өзгөчө коркунучтуу зомбулук);
- коркунучтуу зомбулукту колдонуу ыкмалары сыяктуу жалпылыктар орун алган.

Демек, усулдук жактан алып караганда «кылмыштуу зомбулук» түшүнүгүн жалпы тутумдагы түшүнүк катары баалоого болот, аны менен кошо зомбулуктун түзүмдүк элементтерин аныктоого болот деген ойдобуз.

Алгач «зомбулук» түшүнүгүн жалпы маани мазмунун аныктоо зарыл. Чоң совет энциклопедиясында «зомбулук» бир таптын экинчи тапты анын ичинде куралдуу колдонуу менен өздөрүнүн экономикалык, саясий үстөмдүгүн алуу же сактоо максатындагы таасир этүү катары карайт [5, 297-б.].

Демек, зомбулук түшүнүгүн бир катар чөйрөсү кеңири экендигин аныктоого болот. Ал саясатта, социалдык мамилелерде, экономикада жана укукта дагы колдонулаарын аныктадык.

Турмуштук практикада, адабияттарда «психикалык», «экономикалык», «аскердик», «интеллектуалдык»

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«адеп ахлактык» деген зомбулуктун түрлөрүнүн колдонулушу бекеринен эмес. Алар ошол чөйрөдө калыптанып колдонуу менен коштолгондугун ачыктайт.

Белгилей кетүү керек, укуктагы зомбулук түшүнүгүн укуктун тармактарына дагы жараша, мүлктүк, физикалык, психикалык зомбулук катары кароого мүмкүн. Бирок жогорудагы зомбулуктардын бир канчасы кылмышты жасоо, таасир этүү каражаты катары кылмыш укуктук жөнгө салууда орун алгандыгын айтууга болот.

Биз үчүн бир катар маанилүү болуп «кылмыштуу зомбулуктун» колдонулушун талдоо саналат. Белгилей кетүү керек, кылмыш-жаза жоопкерчилиги юридикалык жоопкерчиликтин катаал түрү болуп калбастан бир канча катаал жаза санкцияларын орноткондугун дагы эске алуу керек.

Ошону менен бирдикте «кылмыштуу зомбулук» кылмыш жаза укугунда мүнөзү боюнча оң баа берилүүчү жана терс баа берилүүчү зомбулуктар деп бөлүп кароого болот.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 48-беренесинде [6] күч колдонуу же психикалык мажбурлоо аркылуу кылмышты жасоо жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу жагдай катары оң бааланат.

Же болбосо, 123-беренедеги аффект абалында адам өлтүрүү кылмышы жеңилдетилген курам катары таанылган.

Тескерисинче, кылмыш-жаза кодексининин 207-беренеси каракчылык, 257-беренеси барымтага алуу терс бааланып, кылмыштын квалификациялык курамын түзөт.

Демек, «кылмыштуу зомбулуктун» укуктук табияты кылмыш жаза мыйзамында оң жана терс мүнөздө бааланышы мүмкүн экендиги ачыкталды.

Акыркы мезгилдеги кылмыш укуктук реформалар кылмыш - жаза мыйзамына бир катар олуттуу өзгөртүү толуктоолорду киргизди. Мунун катарында кылмыштуу зомбулук менен түздөн түз куралган бир катар кылмыштын квалификациялык белгилери орнотулду. Аларга;

– 139-берене. Өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу зомбулукту колдонуу менен коркутуу;

– 177-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук;

– 351-берене. Сот адилеттигин ишке ашырууга байланышкан коркутуу же зомбулук;

– 371-берене. Жаза аткаруу тутумунун кызматкерин коркутуу же ага зомбулук кылуу;

– 373-берене. Сот аткаруучусун коркутуу же ага карата зомбулук кылуу;

– 374-берене. Бийлик өкүлүн коркутуу же ага карата зомбулук;

– 387-берене. Начальникке каршылык көрсөтүү же начальникке карата зомбулуктуу аракеттер;

– 404-берене. Зомбулук менен жок болуу сыяктуу беренелерди айтууга болот.

Ошону менен бирдикте юридикалык аныктык принцибин ишке ашыруу максатында кылмыш-жаза кодексинин тиркемесинде. «*Өмүр жана ден соолук үчүн коркунучтуу зомбулукту колдоном деп коркутуу* » түшүнүгүн орнотту. Ага ылайык мындай зомбулук - өлтүрөм, ден соолукка оор залал келтирем, адамдын өмүрү үчүн коркунучтуу болгон айыкпас инфекциялык ооруну жуктурам деп коркутуу, ошого тете зордуктайм же сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттерди жасайм деп коркутуу саналат.

Демек, «кылмыштуу зомбулук» түшүнүгү кылмыш жаза кодексинде бир канча кеңейтилип адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоодогу маанилүү дефиниция каттары аныкталды.

Ошону менен бирдикте «кылмыштуу зомбулук» кылмыш-жаза мыйзамындагы бир канча категорияларда орун алуу менен анын маани мазмуну бир канча көлөмдүү экендигин айта кетүү зарыл. Аларга мүнөздүү белгилер катары төмөнкүлөрдү айтууга болот:

– кылмыштуу зомбулук кылмышты жасоо ыкмасы катары негизделгендиги;

– кылмыштуу зомбулук квалификациялык белгилер менен коштолгондугу;

– кылмыштуу зомбулук кылмыш курамын аныктоочу белги катары колдонулушу;

– кылмыштуу зомбулук кылмыш ченемдериндеги диспозиция катары аныкталышы;

– кылмыштуу зомбулук оордотуучу курамды түзүүчү элемент катары орун алганды саналат.

– Ошону менен бирдикте кылмыштуу зомбулук кылмыш жоопкерчилигин орнотууда оң жана терс баалуулукка ээ экендиги ачыкталды.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2017-жылдын 27-апрели № 63 үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө (КР 2020-жылдын 15-апрелиндеги №41 мыйзамынын редакциясына ылайык).
2. Кожоналиев С.К. Суд и уголовное обычное право киргизов до октябрьской революции". – Фрунзе, 1963. - С.67.
3. Ереже токмакского чрезвычайного сьезда биев. Верный 1893. - С.70.
4. Познышев С.В. Очерки основных начал науки права прав. Особенная часть. - М., 1923. - С. 32.
5. Большая Советская Энциклопедия. - Т.17. - С. 297.
6. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси. 2021-жылдын 28-октябры № 127 (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген).
7. Бердимуратова Ж.М. Понятие преступного насилия. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 10. С. 29-31